**УДК: 372.03**

# СЕМЕЙНЫЕ ЦЕННОСТИ ВОСПИТАНИЕ – ВАЖНЕЙШИЙ КОМПОНЕНТ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ РОДИТЕЛЕЙ (на основе этнопедагогики)

***Мадаминов Гапыр*** *, соискатель КГУ им.И.Арабаева Баткенская область, Лейлекский район, №3школа гимназия*

**Аннотация:** в статье говорится, что важнейший компонент педагогической культуры родителей являются семейные ценности воспитание и этнопедагогика. Смысл воспитание для личности, человечества, нации и страны и т.д. дается с помощью схеме-таблицы. Ценности воспитание заключаются с результатами опытом, проведенного в Лейлекском районе №3 школы гимназии, авторской школы “Школа материнства” и “Даанышман”.

**Ключевые слова:** воспитание, этнопедагогика, педагогическая культура, ценности воспитании, “Школа материнства”, личность и т.д.

## FAMILY VALUES EDUCATION IS THE MOST IMPORTANT COMPONENT OF PARENTS 'PEDAGOGICAL CULTURE
### (On the basis of ethno-pedagogy)

***Madaminov Gapir,*** *Applicant of Kyrgyz State University named after I.Arabaev, Batken Province, Leilek District, No. 3 School Gymnasium*

**Annotation:** the article says that the most important component of the pedagogical culture of parents are the family values of upbringing and ethno-pedagogy. The meaning of education for the individual, humanity, nation and country, etc. Is given using the table schema. The values of upbringing are based on the results of the experiment conducted in Leilek district No. 3 of the gymnasium school, the author's school "School of motherhood" and "Daianishman".

**Key words:** education, ethno-pedagogy, pedagogical culture, values of upbringing, "School of motherhood", personality, etc.

## ҮЙ-БҮЛӨДӨГҮ ТАРБИЯНЫН БААЛУУЛУГУ - АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН МААНИЛҮҮ КОМПОНЕНТИ
### (Салттуу педагогикалык маданияттын негизинде)

***Мадаминов Гапыр ,*** *И. Арабаев атындагы КМУнун изилдөөчүсү Баткен областы, Лейлек районү, №3 гимназия мектеби*

**Аннотация:** макалада тарбиянын баалуулугу, салттуу педагогика – ата-энелердин педагогикалык маданиятынын маанилүү компонент экендиги айтылат. Тарбиянын адамзат, эл, улут, өлкө, жеке инсан үчүн мааниси ж.б.лар схема-таблицанын негизинде маалымат берилет. Тарбиянын баалуулугун түшүндүрүп жеткирүүдө, тарбиялоодо Лейлек районундагы №3 гимназия мектебиндеги автордук “Энелер мектебинин”, “Даанышман” ийриминин ишмердүүлүгү жана анын натыйжасы, тажрыйбалар жазылат.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** тарбия, салттуу педагогика, педагогикалык маданият, тарбия баалуулугу, этнопедагогика, “Энелер мектеби”, инсан ж.б.

Үй-бүлөдө балдарды тарбиялоодо эң зарыл шарттардын бири таалим- тарбия баалуулугун ата-энелердин сезип, билип, амал кылуусу. Эгер ата-энелердин аң-сезиминде, көз карашында балдарды тарбиялоо, тарбиялуу адам кымбат баалуу болуп эсептелсе, анда алар балдарынын билими, келечеги, бакыты, ж.б. бардыгы өз балдарын туура, астейдил тарбиялоосунан көз карандылыгын түшүнүп, олуттуу көңүл бурат. Турмуш – тарых далилдегендей кайсы үй-бүлөдө ата-эне тарбия маселесине астейдил көңүл буруп, эң зарыл маанилүү маселе катары такай ушул багытта окуп, үйрөнүп, иш жүргүзсө балдары адептүү, чынчыл, эмгекчил болуп өсөт. Ал эми элдердин салттык педагогикалык маданияты деп – балдарды тарбиялоого байланыштуу болгон материалдык жана руханий маданияттын чөйрөсү түшүндүрүлөт [1]. Мындай үй-бүлөлөрдөн адамгерчиликтүү, илим-билимдүү, эл жерди ойлогон улуу инсандар чыгат.

Булардын баардыгы ата-энелердин педагогикалык маданиятынан көз каранды. Чындыгында ата-энелердин педагогикалык маданияты үч негизги компоненттен түзүлөт, деп белгилейт илимпоз Какоева А.Т. Алар:

1. Акциологиялык;
2. Мазмундук-информациялык
3. Ишмердик, технологиялык компоненттер.

"Акциология – бул баалуулуктар жөнүндөгү илим. Негизги баалуулуктар үчкө бөлүнөт: 1) Материалдык, 2) Социалдык, 3) Рухий [2].

Эгерде үй-бүлөдө тарбиянын, анын ичинде салттуу педагогиканын баалуулугу болуп, ата-эне да, тарбияланып жаткан балдар да ошол баалуулукту сезип, үй-бүлөдө баалуулуктар иерархиясында тарбия баалуулугу жогорку даражада туруп, окуу, эмгек, жашоодо ийгиликтин бардык өбөлгөсү, башаты тарбиядан деп эсептелсе, анда бул үй-бүлө келечектүү, бактылуу үй-бүлө болот. Ал эми булардын баарынын башаты – элдик педагогикалык маданият. Элдик педагогикалык маданият – элдердин бала тарбиясына байланыштуу материалдык жана рухий сферасы. Бул бешик, оюн ырлары, кыймылдуу оюндар, балдардын эмгеги, тамактандыруу эрежелери, балдар фольклору, жомокчулары, бала төрөлүшүнө байланыштуу ырым-жырымдар, оюн-зооктор, (тушоо кесүү, бешик той, сүннөт той) балдардын майрамдары, мелдеш, осуят-насааттар, макал-лакаптар. Эгерде үй-бүлөдө тарбия мына ушул салттуу педагогикалык маданиятка б.а. элдик педагогикага негизделсе, анда балдар туура, келечектүү тарбияланып, өмүрлүү бактылуу болушат жана эл журтуна жакшы кызмат кылышат. Мында ата-энелердин балдар тарбиясына гумандуу, жоопкерчиликтүү мамиле кылуусу дагы маанилүү.

Биздин гимназияда "Энелер мектебинде" атайын "Тарбиянын баалуулугу" темасы автор тарабынан чоң системалуу таблицанын негизинде өтүлөт жана бул тема ата-энелер үчүн жазылган "Ата-энелер сиздер үчүн" китебинде да берилген. Төмөндө ошол тарбия баалуулугу сабак-схемасынын иштелмесинен кыскача үзүндү келтиребиз.

Алгач тарбия сөзүнүн келип чыгышы, маанисине кыскача токтололу *Тарбия* сөзү бардык түрк тилдерине араптардын "*тарбият*" сөзүнөн кирген. Анын мааниси инсанды өнүктүрүү өстүрүүгө байланышкан педагогикалык кубулуштар...[3].

Мында инсандын дене-бою, акыл-эси, ой-сезими, адеби жөндөмү ж.б.ларды ар тараптуу өстүрүүнү түшүнөбүз.

Тарбия, тарбиялангандык, тарбиялуу түшүнүктөрүнүн өзүнө көп кырдуу мазмундуу, сапатты, касиетти камтыган элдик тарбия, элдик педагогикалык, философиялык, түшүнүк, ой берилет.

Тарбиялангандык бул: ак ниеттүү, адилет, асылзаада, мээримдүү, кайрымдуу, эмгекчил, тырышчаак, эрктүү, чечкиндүү, айкөл, март, ыймандуу, билимдүү, өнөрлүү, маданияттуу максаттуу, багыттуу, жакшы табиттүү, сымбаттуу ж.б. асыл сапаттарга ээ болуу. Ал эми элдик педагогика мына ушуларын баарын өз каада-салт, үрп-адат, фольклор, дастан, макал-лакаптарда өзүнө камтып кылымдар ашып, жаш муундарды тарбиялап келүүдө.

Тарбия баалуулугу дегенде биз мына ушул жогорудагы асыл (нарк) түшүнүктөрдүн баалуулуктары деп билүүбүз зарыл.

Демек, тарбия баалуулугу бул адамды адам кылып турган бардык адамгерчилик, асыл сапаттардын, касиеттердин баалуулугу.

Таблицанын биринчи бөлүгүндө тарбиянын таасири астында адам, адамзат, коом эле эмес биринчи кезекте аалам да болот деп берилди (*схема №1 караңыз*).

Акыйкатчыл, мээримдүү, ыймандуу, акылдуу, паам-парасаттуу, элдик тарбиялык асыл дөөлөттөрдү ж.б. өзүнө камтыган көп мазмундуу, жакшы тарбия таасиринде болгон адамзат өзүнөн жакшы ауранын (энергияны) бөлүп чыгат, чыр-чатаксыз, согушсуз жашайт.

Адамдар бири-бирин, бир эл башка элди, ал эле эмес жан-жаныбар, табиятты, жер-суу, ай-асманды, абайлап сактайт (Асан кайгынын мисалы). Ушул кеңири өңүттөн алып

караганда тарбиянын баалуулугу, жакшы тарбия дүйнөнү, **ааламды** сактайт десек туура болчудай. Адамзат пайда болгондо тарбия пайда болгон, тарбия менен адамзат сакталып турат.

Таблицада тарбиянын эл, мамлекет, шаар, айыл, үй-бүлөгө таасири берилген. Бул демек, кайсы элдин, мамлекеттин, аймак, шаар, айылдын, үй-бүлөнүн адамдары жакшы тарбияланган болсо тынч, туруктуу, туура өнүгүүдө болот. Ал эми тарбияга маани берилбей же тарбияда чоң катачылыктарга жол берилсе, анын ичинде салттык тарбия унутта калса, ал аймак, элдин ынтымагы кетип, саясий-экономикалык кризистерге, митинг, революцияларга кабылып, өнүгүү токтоп калат. Демек тарбиянын саясатка дагы, мамлекеттин өнүгүүсүнө дагы түз же кыйыр чечүүчү таасири болот.

Кайсы айылда, көчө, үй-бүлөдө тарбияга маани берилип туура жолго коюлса, ынтымак, ырыскы жаңыланып, өсүү байкалып турат. Ал эми тарбияга маани берилбесе зордук-зомбулук, тоноп кетүү, аялдама, мамыча, суу курларын, олтургучтарды сындырып, талкалап кетүү байкалып турат. Ар бир үй-бүлө, көчө, айыл, шаарга киргенде эле ал элдин тарбиясы кайсы деңгээлде экендиги алгач байкала баштайт. Мындан бардык аймакта, жерде, деңгээлде тарбияга чоң маани берүү керек экен деген корутунду келип чыгат. Схеманын биринчи бөлүгүнүн негизинде ата-энелерге сабак – лекцияларда мына ушулар түшүндүрүлөт. Бул бөлүгүн тарбиянын глобалдык бөлүгү деп койсок да болот *(схема №1 караңыз).*

**Тарбиянын жеке адам, инсанга тийгизген таасири.**


Таблицанын экинчи бөлүгүндө тарбиянын инсандын өсүүсүнө таасири схема түрүндө берилген.

Эгер үй-бүлөдө балдарга тарбия туура берилсе анда алардын кулк-мүнөзү, адеп-ахлагы, көз-караш пейили туура калыптанып, өмүр бою айныгыс, адашкыс болуп туура өсөт. Себеп, үй-бүлө өзү, өзүнө мүнөздүү структуралары болгон бир тарбиялоочу система. Анын компоненттери: Тарбиялануучулар, тарбиялоочулар, тарбиялоо каражаттары жана тарбия процесси. Тарбиячылар: чоң ата, чоң эне, ата-эне ж.б. Тарбиялануучулар: балдар, неберелер ж.б. үй-бүлөнүн тарбиялоочу системасы катары жашоосун камсыз кылуучу фактор – ата-энелердин тарбиялоочулар катары ишмердүүлүгү. Алар мында сөзсүз салттуу педагогикага негизделүүсү абзел. Кыргыз улуттук тарбия системасы бул – үй-бүлөлүк тарбиянын улуттук системасы. Ошол эле убакта улутту сактоонун, улуттун ан-сезимин жана менталитетин калыптандыруунун да каражаты болуп саналат. Ал эми анын натыйжасында окууда, жумушта, коомдо, жакшы ийгиликтерге жетип, кадыр-барктуу, ыйман-ынсаптуу адам болот.

Жакшы тарбия жакшы пейилге алып келет, жакшы пейил ден-соолукка, ыйман-ынсаптуулукка алып келет.

Жакшы тарбияланган адам ак иштеп, таза жашап, башкаларды бактылуу кылып, өзү да бактылуу боло алат. Тарбиялуу адам эмгекчил, тырышчаак болуп, билим, маданият, өнөрдү мыкты өздөштүрүп, ак-эмгек менен байлык, мүлк табууга жетишет, бардар жашайт. Ал адам ата-энесин, жакын адамдарын эле бактылуу кылбастан, келечектеги уул-кыздарын да жакшы тарбиялап, үлгү болуп бактылуулукка жетеленет.

№1 Схема




Түзгөн Г. Мадаминов

Тарбия баалуулугу таблица-схемасынын экинчи бөлүгүнүн негизинде өтүлгөн аңгеме сабакта, ата-энелерге мына ушулар турмуштук мисалдар, далилдер менен кызыктуу айтылып берилет.

Таблицанын III, IV бөлүктөрү жакшы тарбияга жетүүнүн каражаттары жана жолдоруна арналган.

Жакшы тарбияга жетүү өзүнөн-өзү болуусу кыйын. Ал үчүн үй-бүлөдө ата-эненин тарбиясы, устат мугалим, тарбиячы, көптү көргөн даанышман асылзаада адамдардын тарбиясы, жакшы чөйрөдөн (социум) тең-туш достор тарбиялык таасир болуусу зарыл. Ошондой эле адабий китептер, фольклор, макал-лакап, санат-насыят, сабак лекциялар ж.б.лардан, тарбиянын үрөөнүн тынбай терип, тыңшап, жасап, тер төгүп эмгектенип өздөштүрүү зарыл [5]. Мисалы: эмгекте "тырышчаактык" төмөнкү маалдар аркылуу берилген:

*"Эмгек кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан".*
*"Эмгекчилдин эмгеги байлык, билимдүүнүн пикири байлык".*
*"Эмгек бар жерде жылыш бар, жылыш бар жерде ырыс бар".*
*"Атанын сөзү акылдын көзү".*
*"Атанын уулу болуш урмат, элдин уулу болуш кымбат".*
*"Баланы тарбиялоо ташты кемиргенге теңе".*

Биздин гимназияда макалдарды үйрөнүү, чечмелөө боюнча атайын эксперименталдык "Даанышман" ийрими иштеп келүүдө. Ошондой эле гимназиябыздагы "Энелер мектеби" программасында "ата-энелердин балдарды тарбиялоодо макал-лакаптардын мааниси" аттуу тема киргизилген.

Ал программада элдик жомоктор, табышмак, жаңылмачтар жана элдик оюндардын да балдарды тарбиялоодогу мааниси жөнүндө темалар келтирилген [5].

Биз мыкты билим, өнөр алууга, чет тилин үйрөнүүгө, компьютер техника, технологияларды, жакшы акча табууга жардам берет деп кандай чымырканып, үйрөнсөк, жакшы тарбияны кулк-мүнөз, пейилди да ошондой тынбай эмгектенип алуубуз, зарыл *(схема №1 караныз).*

Эгер чындап ойлоп көрсөк билим, өнөр кандай пайда алып келсе, жакшы тарбиялангандык андан жүз эсе көп пайда, акча-байлык менен өлчөө кыйын болгон бакытты, кадыр баркты алып келет!

Тарбия баалуулугу сабагынын үчүнчү бөлүгүндө ата-энелерге схеманын негизинде мына ушулар далилдүү мисалдар менен түшүндүрүлөт.

Ушуларды эске алып, биз тарбияга болгон мамилебизди түптөн өзгөртүүбүз зарыл. Бул өзгөрүү үй-бүлө, бала-бакчадан башталып, мектеп, ЖОЖ, эң жогорку мамлекеттик мекемелерге чейин жетүүсү зарыл.

Биз эмнегедир тарбия жөнүндө сүйлөгөндө жаштардын тарбиясын гана айтабыз. Мүмкүн ата-энелердин, улуулардын, баардык деңгээлдеги жетекчилердин тарбиясы жөнүндө, салттык педагогиканы үйрөнүүсү жана пайдалануусу жөнүндө сөз козгоого убакыт келди. Мүмкүн чоңдор тарбиялуу болгондо гана жаштар жакшы тарбиялуу боло алат. Себеби сөз чакырат, үлгү ээрчитет эмеспи? Чындыгында тарбиянын эң жакшы методу бул үлгү көрсөтүү. Туура, чоңдорду тарбиялоо, өзгөртүү кыйын, ошондой болсо да, ойлонуп, изденип көрүү учур талабы.

Ушуларды эске алып №3-гимназияда ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү максатында “Тарбиянын баалуулугу” схемасынын негизинде энелер мектебинде салттуу педагогиканы илимий педагогика, инновациялык методика менен айкалыштырып сабактар системасы 1997-жылдан бери өтүлүп келүүдө. Ал сабак лекциялар аңгеме, суроо-жооп, диспут ж.б. түрүндө кызыктуу формаларда, турмуштук мисалдар менен өтүлөт. Бул жылдардын ичинде гимназиябызда 700дөн артык энелер, андан тышкары Лейлек, Сүлүктү, Баткен, Ноокат, Чоң-Алай райондорунда ата-энелери энелер мектебинде окуп, “Тарбиянын баалуулугу” сабак лекциялары менен таанышты.

Аталган гимназия мектебибизде булардын натыйжасында төмөнкү өзгөрүү, алгачкы ийгиликтерге жетиштик:

- Ата-энелер балдарын сабаттуу тарбиялоонун маанисин түшүнүштү.
- Өз балдарынын дене бой, акыл-эс, адеп-ахлак тарбиясына астейдил кызыгып, көңүл бура баштады.
- Салттуу педагогикалык маданиятты үйрөнүп, пайдалана башташты (Ой гүлдөрү, Х. Карасаев “Накыл сөздөр”, “Залкар ой мурастары”).
- Тарбия жөнүндө түрдүү китептерди чогултуп, окуй башташты.
- Мектеп, класс жетекчи менен байланышы чыңдалды. Мектептеги тарбиялык иш чаралар, сабактарга катышуусу жогорулады.
- 90%ке жакын ата-энелер эне мектебинде окушуп, балдарынын таалим-тарбиясына жоопкерчилик менен мамиле кыла баштады ж.б.

Булардын натыйжасында мектеп, гимназиябызда окуучулардын билими, тарбияга болгон кызыгуусу артып, олимпиада, ЖРТдан жогору упайларды алып, ийгиликке жетишкен окуучулардын саны көбөйдү. 99% бүтүрүүчүлөрүбүз ЖРТдан жогору баллдарды алып, Республикабыздын жана чет өлкөлүк ЖОЖдордун бюджеттик бөлүмдөрүндө билим алышууда. Мисалы: Турабаева Мадина орус тили сабагынан, Мирсаитова Гулчирай биология сабагынан Республикалык олимпиададан I орунду алып келишти. 55 окуучубуз КММАнын бюджеттик бөлүмдөрүндө, 50 окуучубуз “Кыргыз-Түрк Манас” университетинде ийгиликтүү окушууда.

Биздин ата-энелер арасында билим, тарбиянын баалуулугу, салттык педагогикалык маданиятты өнүктүрүү боюнча алып баруучу иштерибиз али алдыда жана жаңы пландар бар.

**Пайдаланылган адабияттар**:

1. Алимбеков А. “Кыргыз этнопедагогикасы”. – Бишкек. 1996-ж.
2. Какоева А.Т. “Формирование педагогической культуры родителей”. Кандидатская диссертация. – Бишкек. 2003-ж.
3. Волков Г.Н. Этнопедагогика: Учеб. для студ. сред. и высш. пед. учеб. заведений. – М.: Издательский центр «Академия», 1999. - 168 с.
4. Кузнецова В.Г. Словарь философских терминов. – М. 2007 г.
5. Мадаминов Г. “Ата-энелер сиздер үчүн”. – Бишкек. 2000-ж.
6. Мадаминов Г. “Билим, тарбия, маданият баалуулугу”. – Ош. 1997.